12 1305б

12.

Молдо Кылыч

1. Жылдыз
2. Зар заман
3. Балбак
4. Балбай баатырдын кожома
5. Хал заман.

Инв. 12.

# Мазмуну.

## Молдо Кылыч


| | бети |
|---|---|
| 1. Жекедиз. | 1-18. |
| 2. Зарзаман. | 19-62. |
| 3. Балбак. | 63-72 |
| 4. Балбай баатырдын казасы. | 73-82. |
| 5. Кош заман. | 83-95. |

8130 5 [2]

Институт языка, литературы и истории Кирг. ФАН СССР гор. Фрунзе
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 12

# СОДЕРЖАНИЕ ДЕЛА № 1305

1. Жылдыз .................... 1
2. Зар заман .................. 19.
3. Балбак ..................... 44. (Эликин) 635
4. Балабай баатырдын казалы .. 54 (Эликин)
5. Хал заман .................. 64
6. Нойморулардан .. 175.

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 12
95 сетр. 14/IV-81г.
Кирг. ФАН СССР гор. Фрунзе

# ЖЫЛДЫЗ.

Жазуучу Чиштөбө айлынын биринчи районинин Акдала мектебиниң мугалими Ибирайым Абдылмухамедов жазды. Талды суу деген жерде 1922 жыл 29 /IX. Бул жылдыз деген ырды бир ырчы ырдаган, мындан кырк жылдар мурун ысык көлдеги бугулар текес деген жерди жердеп турган, ол убакыттар алар эсепсиз бай болгон. Укумат кыргыз дады Текестен 1882 жылы айдап түшүргөн ошанда бир ырчынын Текес менен амандашып ырдаган ыры, Караколдук Солтобай акындын

Жылдыздан жылкы ашырып,
Жыргап жүдүк заманда
Үч куштайдын бөксөсүн
Жайлап жүрдүк заманда
Жыбыратып жан кулун
Байлап жүрдүк заманда
Маңкан менен Кордайды
Басып жүрдүк заманда
Жыргалды кафир шаштырды
Жылдыздан берки жериңе
Журтуң көрүшүп алып бастырды.
Жылкы жайы жылдызым
Жылкычыга кундузум
Эки-экиден күрөшкөн
Күлкүң кана кең Жылдыз
Эр азамат байланган
Түлкүң жана кең жылдыз
Жайылган койдой түлкүңдү

Жарыктыгым кең жылдыз .
Жана санайм күлкүндү
Өрүгөн койдой түлкүндү
Өткөрө санайм күлкүндү.
Чегирткедей түлкинди
Ченей албайм күлкинди.
Мукрмодн бурылыш
Бурулуп кайдан чыгайын
Толгон суунуң бели элең
Толубай журтдын жери элең
Мындан аркы жери аманбы
Эсиме сала кетейин
Ирменди сүмбе бурулди
Элиң сенден айрылып
Заманасы курылды.
Аралаш айтып кетейин
Айгыр жал менен кайнарды
Үч моюнты үч капкак
Айтып турсам мен чактап
Үч моюнту чаган сай
Күркүрбли жырынтай
Күрдели журттан айрылып
Күн чыгышта жаны бар,
Күлүмсүреп урушай
Узун булак сабирди
Айдап келе жатпайбы
Сенден аркы Садырды
Беш карагай белинде

Байжал калдың жеринде
Чолок терек-көк терек
Чочугандай биз көчтүк
Арча аралаш талды бар
Аты уйкашы жаны бар,
Издесе мындай заман бол,
Эгиз терек аман бол.
Арада калды Аксайың
Кайсы бирге какшайын,
Кайрылгысыз заман бол.
Кайран аксай заман бол.
Арада калдың аксуубиз
Ажырай көчүп баратат
Бай Жунуштай жакшыбыз
Сенда мында турасың
Сен көргөнчө аман бол
Чикиртиниң чалдыбар
Ченей албайм жаныбар.
Чениңден көчтү атайын
Ой Табылды Тункатар
Өйүз-бүйүз күдүрүң
Гана адырдай ачып удириң
Саратан жайдын аптапта
Салкын жайлоо кайран сырт
Санаса мындай заман бол.
Салкын сыртым аман бол.
Жарыкыгым кең Текес

4.

Майда чаар адырың
Байларга жетер кадырың
Жылма чаар адырың
Жылкыга жетер кадырың
Жайлооң толгон жалбырак
Жана барам жалдырап
Кереге, уугуң шалдырап
Келгин кыз барат жалдырап,
Кымыздыгың, кымызың
Кылыгыңды санасам
Ичимден сызам тымызын
Алмалуу булак өзөнүң
Айдап бара жатпайбы
Ибалыдай көзөлүң
Жийделүү булак өзөнүң
Жыйып бара жатпайбы
Жин ургандай көзөлүң.
Алмасы жерге чачылган
Жигиттин үнү ачылган
Күлүгү менен жоргасы
Чикиртини бойлаган
Ок жыландай сойлаган
Азаматы жыйылып
Тамашага тойбаган
Кайылгысыз заман бол
Кайран Текес аман бол
Өртдөң Музарт Нарынкол
Ортада бар бекети

Идирис деген кеп атың
Сенде мында турасың
Сен кергенче аманбол
Кел кайкынын кырында
Кезден жашым тыйылбай
Эки жагым карасам
Иеси кеткен эмедей
Эки-экиден терт бугы
Элендеп турат жаныбар
Керүп алып мергендер
Керүшип алып бастырды
Ата эки чүке калчаса
Таа кнганы бар эле
Эсенкандын элине
Кетерип турган алтының
Муйүзиндин жалкыны
Баа болганы бар эле
Кан калчаган чүкени
Таа конганы бар эле
Кандын кара шаарына
Кетерүп турган алтының
Муйүзүндүн жалкыны
Баа болгону бар эле.
Жана кетерип турган күмшиң
Тереге берсе жарыктык
Бүтирчеле жумышың
Алнып турган бараңым
Айдап жүрүп атчу элем

Алтын менен күмүшке
Аралашаа сатчу элем
Бугу менен маралым
Билинбей калды караның
Ажырабай көчкөн айыбым
Алыскы жерге барабыз
Аман болчу кайыбым
Кара сөз калды калкайып
Улабас калды заңкайып
Чалк өөдө калды чалкайып
Балыкты калды балпайып
Ботонуң сазы моймоюп
Куш мурун калды томсоруп
Кум текей калды томсоруп.
Чалкакта калды чаар кудук
Чачыраты бул улук.
Өрдөштө калды чаар кудук
Өкүмдүк кылды бул улук
Татып барам түзүнду
Бириндеген талы бар
Бириси тири жаныбар
Үч каркыра куру сай
Замандан бери жарыктык
Тикеби багып уручай
Карыганда мутакем
Каралдашып туручай
Кара коргон урушай
Жер оргосу куру сай

Сен да мында турасың
Сен көргөнче аман бол
Балтырканды балчакай
Эми китеп барам кылчакпай
Лигендин суусы болайан
Кинебестен ойнаган .
Чарындын суусын бойлаган
Чар учкандай ойнаган
Жиледен айгыр минишкен
Жерден бакан энишкен
Жылкы тийип алышкан
Оодарышып калышкан
Айрылгысыз заман бол
Албан журтум аман бол
Карабалта темирдин
Курч болбасын билгемин
Кара калмак капырдын
Журт болбосун билгемин.
Истесе мындай заман бол
Эсенкан журтум аман бол
Баарынды айтып ушейин
Жайыктыгым Ысык-Көл
Мен бетиңе түшөйүн
Казыл кыя жарыктык
Жез жакалы тон элең
Жети атам ашкан жол элең
Алтын яка тон элең

Алты атам ашкан жол элең,
Казыл кыя бас келет
Кылыктуу жерди санасам
Кылгырып көздөн аш келет.
Кара кыя бас келет
Кайрылып карап мен турсам
Кара көздөн яш келет
Кызыл ыя жарыктык
Кысылышып ашканда
Кыз күйөөдөй жанашып
Кылыгыңды санайын
Кылчайгысыз заман бол
Кылыктуу кыя аман бол.
Табылганын сары кыр
Салааң сайың баары кыр
Замананын тары бар,
Кайрылып журтуң келгиче
Капа болбой жаныбар
Аалыбайдын алты уулу
Ар кибинде миң жылкы
Атбашы көздөй баратсак
Бербедиң күчтү бир жылкы
Кайрылгысыз заман бол .
Караңгы байлар аман бол
Чоң таштан көчүп кетпеген
Көчүнө мингич жетпеген
Майлаган кара буудайды
Бакыр боорум аман бол

Бу чоң ташка келгени
Кара баур менен сары баур
Чогулуп алып бары баур
Мындай малга жете элек
Абай кылсаң жамагат
Үркүнчү менен Байбокту
Колунан камыштын тагы кете элек.
Корасан кылыч белимде
Колдой жатчы коромды
Кабели чиркин элинди
Корумду жердин кени элең
Коңурат саруу эл элең
Коңурат кетти козгалып
Саруу кетти сандалып
Жатып калдың корумды
Сан кара болгон байды алып
Ой ичке суу-талды суу
Ортодо кургак булагың
Оюнда сыдар кулагың
Атбашы кетти кандайсың
Ногой уулы ынагың
Эми айтсам те кандай
Сени эртелеп баккан ирбалып
Жазы шүкир жечү эле
Кара көлдүн боругун
Эми унутпайт жоругуң
Бугуну туулу маралдан
Буластаган эр Карач

Муңканып кечтү аралдан
Тикени тууду маралдан
Теңирсиген эр Карач
Илмерип кечтү аралдан
Атбашы кет ти балдары
Багып калды шатыны
Жакшы найман арбагы
Жакасында чарбагы
Кара батак кара жол
Караганың Каракол
Кайрылып журтуң келгиче
Капа болбо кайран жол
Араба-чана көп жүрген
Аңыраган кара жол
Сенда мында турасың
Мен көргүчө аман бол
Жийде дөбө Күрменти
Ашын ата казандыс
Биз араак кетип барабыз
Интизар болуп калыңыз
Кудыргы сениң кашатың
Дөң булак сениң башатың
Сенда мында турасың
Сен көргөнчө аман бо.
Үч өркүтү Байсорун
Чогуу айтып каптырдым
Чоң Карачка тапшырдым
Алды күчтү саягым

Ода күчтү саягым
Токтабады аягың.
Токтаган жериң Байсорун
Жайылып калды кең сооруң
Ашташкан ашташ баш жагың
Кендейиңди айтамын
Байчечкедей бажырап
Өңдериңди айтамын
Бир дубан элиң келгенде
Чайкандыңа келтирбей
Кендейиңди айтамын
Ой кудугу сары адыр
Кокый тасма кандыр
Ой кулысын жаныбар
Бою мечтей белүнүп
Учтаганы айтамын
Кандай менде журтындын
Кыштаганын айтамын
Күңгей менен тескейге
Теңдигиңди айтамын
Бир дубан элдик келгенде
Чайкандыңа келтирбей
Ой Кулусун жаныбар
Кеңдигиңди айтамын.
Сары булуң сар дөбө
Жан шканың айтамын
Жазга маал торгайың

Жарыжканын айтамын
Жазда келген каркыра
Жаздаганын айтамын.
Авадаы канатты
Аздаганын айтамын
Күздө келген каркыра
Күздегенин айтамын
Авадагы канатты
Күсегенин айтамын
Күнгей менен тескейиң
Бет алганын айтамын
Чынкырап айы туй элек
Жыбыраган арыкты
Көтөргбнин айтамын
Абай кылып карасам
Бетин салып мелтиреп
Бей бечара байкышты
Эгин салар жай элең
Калың журтың калдыбы
Кадиктүү булуң сени айтам
Казак орус алдыбы
Жөрдеп жаткан журтыңыз
Аңырып куру калдыбы?
Баш жагыңды мен айтсам
Мелтиреген кең көңдөй
Аяк жагың Кулусын
Кулысын сеңден айырлтып

Калың журтуң курусун
Кулусунда аткада
Орун алып калыптыр
Куруп калган Салмаке
Ач бөрүдөй улысын.
Тегин айтып этейин
Теңтуштар кулак салсаңар
Тескейин айтып кетейин
Түптү айтам түргенди
Сарыке, Шапак жүргенди
Түп толагай Токтаян
Түбү сени жоктайын
Капырдын баскан бармагын
Багынып калды Токтаян
Байтелиниң арбагын
Жакасында чарбагы
Тескейдеги Сабатар
Теги журтка таң атар
Термелбеген капырың
Тиги кытайына каматар
Кылчайып журтуң келгиче
Кыймылдаба сабатар
Кыйла журтка таң атар
Сабатар сениң эрмегиң
Саан убагы болгондо
Калаага жакын капырай
Колуңдан кетпейт көнегиң
Караколдын карачы

Арманда калдың кара чий
Эстесе мындай заман бол
Ишиң менен заман бол
Жыргаландын тулпар таш
Бириси тири шуңкар таш
Кереге таш сар камыш
Кең жайылма жарыктык
Кең кыдырга тапшырдым
Капкайдагы чогулуп
Калаа болдуң Каракол
Калың журттун башына
Бек болдуң Каракол
Ногой алды оюнды
Орус алды боюнды
Күндө салып оюнды
Чала калган немедей
Чала казак кармады
Чарбакка киши барбады
Азыр көрдүк тентектен
Ажырай көчтүк Челектен
Сарт калмагың бар эле
Кыргызга жериң тар эле
Дунган алды Ырдыкты
Ырдыктан элиң дырдыкты
Жалгыз тал мазар талы бар
Кафир менен мусулман
Талашка түштүң жаныбар

Дагы үмүтүм дагы бар
Кайрылгысыз заман бол
Кайран Ырдык аман бол.
Жер соорусы Жетиегиз
Же коштошуп кетебиз
Кош карасуу Койсары
Кошуң менен аман бол.
Коштошарга киши жок
Ой Кокуй көл Акдөбө
Сенда мында турасың
Сен көргөнче аман бол
Чаар учкандай чабы бар
Чала кескен киндиктей
Чор чаяткен жаныбар
Ой Оргачар жарыктык
Сенда мында турасың
Сен көргөнчө аман бол
Жетиегиз али шаң болду
Жебирейил үч урук
Жеткен жерге даң болду
Терең казган аң болды
Атуулуның барысын
Атдан алып салганда
Адамдын бары маң болду
Мениң айткан сөзүмө
Мактанбагын уруктар
Башында турган улук бар

Кан Чыныбай момештик
Калк козгалып не кечтик
Эр Чыныбай момештик
Эл козгалып не кечтик
Кудай кылды барыны
Ыйлаттың Кылыч карыны
Кылыч ажым кеткенде
Сырдалуу калды сарайы
Зыркырады далайы
Ажым Кылыч кеткенде
Бордалы калды сарайы
Буркырады далайы
Айрылгысыз заман бол
Ажымдын шаары аман бол
Шумбаланың Кекебей
Арам ырас Мекебей
Жайкы жайлооң тарагай
Кышты кыштооң Кекебай
Үч жаргылчак тарагай
Ууру кылам деймин деп
Ууруның йтин жемизип
Ушунча журтун баарына
Мият болдуң Кекебай
Желдеңдерин Уракы
Теги Уракы кыраакы
Өмүрзак кечтү Чычкандан
Дүйүйөсү кыскандан
Тогузбай кетти толукшып

Акырында Тогузбай
Надырбекке боламып
Алды каткан Тогузбай
Көрерсиң ошо нердин
Кичкарды
Көчки элден көрерсиң
Көтерип жүргөн чокмарды
Солтан сары соку таш
Түгел алдың такыр баш
Нарын башы тууратам
Белги салдың Такыр баш
Кемпирлерди кейитпей
Кекиликтей ийилтпей
Кейитпей өттүң түө таштан
Абышканы арчындап
Алды кийнин тазалап
Алып өттүң түө таштан
Арсак - арсак түйө таштан
Ашып турдук акелер
Алда нөме миң ташты
Жукур менен жукурчак
Суйгөнин ашып алганбыз
Антип алып оңганбыз.
Тарагай бойлай конганбыз
Ошондо көрдик кезекти
Ак дике болгон тезекти
Тоо-тоосунун башында
Чын келгенин айтайын

I 8.

Оркайып булут чыкканда
Ак өпке болгон тезекти
Тамекиге окшашып
Ным келгенин айтайын
Мындан мурун акелер
Тарагайын ким билет
Көлде жүрүп укчу элем
Өтеги сайын таш калак
Ошондо көрдүк таш калак
Өчешкенден айдады
Падышабыз санталак.

28 / IX -1922.

Бу "Зарзаман" 1307-инчи гардагы окшош

1 19

## ЗАРЗАМАН.

Бу Зарзаман Молдо Кылыч акунның чыгарган зарзаманынан бир бөлүгү, ол киши Пишпек оязынан, сарбагыш уругунан Черикчи элинен Темир болот эли Төрөкелди балаларынан эди, ол киши нече түрли ырлар чыгарган /маданиятли/ элден болса эди орустарның Пушкин, Лермонтовдорундай болар эди. Аның сөзиниң кадыры убактында анчалык билинбеди, кадырын эми билип отырмыз. 17 жылы өлдү.

Зарзамандын газалы
Келем алып азалы
Жөнү жокту жаздың деп
Кудагым кылба жазаны
Молдо Кылыч мен атым
Болжолу жок санатым.
Санаадагы сөзүңдүн
Чыгар сөзүм орунды
Жигит болсоң абайла
Убал кылба жаныңа
Тазалыгын жолунды
Тарта жүргүн колуңду
Жаман адам курусун
Доо чыгарып бир жерден
Милдет кылар жумушун
Жакшыларды карасаң
Кылганынын доосу жок
Сыр билгизбейт тымызын
Мен сүйлөйүн канчаны

## 2.

Казак, кыргыз канчаны
Калайыкка эринбей
Кетти канча талай сөз
Кара көзгө көрүнбөй
Акындардын авазы
Домбыранын үнүндөй
Жарашыктуу зарзаман
Тотукуштун жүнүндөй
Бар келишкен боруму
Кызыл кымкап кулүндөй
Кандай салса жарашар
Калы килем түрүндөй
Түшүп турат кубулуп
Ак теректин бүрүндөй
Көчүп турат токтобай
Кирекечтин жүгүндөй
Кызыкканда жакшы сөз
Кызыгышкан оюндай
Айдап келем көп сөздү
Кербенчинин коюндай
диги
Тилим шыдыр түзилди
Зым карагай жолундай
Бары жөгын тийимди
Барденкенин огундай
Маани билбес эсерге
Башка тийген союлдай

Өзүнүн акындыгы

Тигетер көңүлүнди
Тегирмендин суусундай
Акылы бар адамга
Тынч олтурган орундай
Тили жүйрүк акындар
Сөзү сайдын ташындай
Кенендигин сурасаң
Кең Кочкордун сазындай
Зар заманды байкасаң
Даамы татты казыдай
Эч болбаса ширеси
Чекендинин ашындай
Кулагына жугумду
Көк темирдин дагындай
Асан кайгы жигиттер
Эри өлгөн катындай
Зардасы бар боз балдар
Заяпкердин атындай
Зардасы жок боз балдар
Үйдө олтурган катындай
Бейли тардын куну жок
Байда болсо жакырдай
Бузулганды түзөгөн
Жоо качырган баатырдай
Кыйын сөздүү жигиттер
Кыянаты капырдай
Кылыгы жакшы боз бала

Булу кымбат асылдай
Зекети жок малыңыз
Эшек менен качырдай
Ишеничти жигиттер
Ат байлаган акырдай
Жыты жакшы атырдай
Дөөлөтү бар адамдар
Дөбөдөгү чатырдай
Кайрылы болсо журтуна
Кала салган чарбактай
Кайыры жок бай босо
Көрүстөндө арбактай
Малым бар деп кубанса
Беш намысты билбесе
Кайыр зекет бербесе
Дин билбеген калмактай
Мен сүйлөйүн канчаны
Казак, кыргыз барчаны
Дин мусулман жогой, сарт
Мусулмандан таркады
Бу замандын адаты
Пейли үрпин айталы
Бейли ~~адам-~~ жаман адамдар
Өз напсисине тартады
Абайласаң жигиттер
Ата-энең мекедей
Куштап жакшы бага көр

Колундагы кеседей
Сайлашпагане бир тууган
Он да болсо женедей

Көп сүйлөгөн маңгилер
Күзгү кирген текейдей
Жаман болсо катының
Ичтен жеген митедей
Катулууга көңлү бар
Караңгы түн кечедей
Тил албаган балаңыз
Бел ашпаган арыктай
Кетейиң десең айла жок
Каралайсың жүрөсүң
Оору баккан табыптай
Байкасаңыз бу сөзүм
Жалган эмес аныктай
Изаты бар боз балдар
Дугасы бар гарфтай
Изаты жок боз балдар
Касылбаган арыктай
К
Кең бейилди жигиттер
Сары өзөн жайыктай
Дүнүйө кор адамдар
Жалган сөзү аныктай
Жаман айткан суук сөз
Көңүлүнө салыктай
Туруп калар так болуп

Көкүрөккө айыкпай
Мен сүйлөйүн сиздерге
Буудай үрөн чачкандай
Канча айтсам да чыдайды
Кызыл тилим казыгандай
Кызыл тилим чыдайды
Кең казына тапкандай
Кызыл темир үстүнө
Ура берсе чоклбайт
Дөшү менен барскандай
Токтоосу жок жигиттер
Жардан коен качкандай
Тил албаса аңыгы
Тим жүргөнү шашкандай
Бир чочутар жанынды
Элиңди жоо чапкандай
Дүнүйө кор байларың
Жеке дөөлөт тапкандай
Карыз сураса абалы
Азыр алып качкандай .
Жоксуз адам болсо
Кара жолборс арстандай
Акылы жок март болсо
Караңгыда баскандай
Кайры тийбей калган соң
Кур талаага чачкандай
Жумушак айткан сөз

Кулагына мулайым
Чигити жок бактадай
Кабыл болсо ыйманың
Катып жүргөн акчадай

Караңгы көр ичинде
Айдап алган бакадай
Айта берсем сөзүм көп
Үзүлбөгөн тасмадай
Жакшы адамдын сөздөрү
Кагазга баскан басмадай
Сөз маанисин билбеген
Жолу туюк аскадай
Элге дайын жигиттер
Кан алдында тактадай
Кайда барса тааны эл
Ат башында кашкадай
Мына сөзүм байкасаң
Чырыгытын сөзүндөй
Байкап турсаң ширеси
Кашкарлыктын бөзүндөй
Алың келсе меке бар
Сегиз бейиш төрүндөй
Ажы болуп атансаң
Ак падышанын чениндей
Аралайсың бейишти
Бу жалгандын элиндей
Жалпы журтка урматың
Жаңы келген келиндей
Күнө кылбай түз жүрсөң

Таза жууган көйнөктөй
Аштыгыңдан кайры бер
Алал болуп каларга
Кастык кылып жаныңды
Каалабаган залалга
Алал дөөлөт малыңды
Булгабагын арамга
Тил байланар бир күнү
Тириликке кубанба
Көңүлиңди алдатып
Бул дүнүйөгө жубанба
Малың болсо жигиттер
Кайыр зекет бергениң
Ыйманыңдын канаты
Ар жоруктан сөз кылган
Молдо Кылыч санаты
Алал жүргөн бендениң
Жайы болар жаннатты
Жүгүргөндө ачылар
Чапкан күлүк турасы
Түндө короо күзөткөн
Кыргыз, казак элети
Саксакай деп кыйкырган
Кыз-келиндин адаты
Элим кыргыз өзүбек
Тилим түркү урматы
Калкы менен көчмөнбо
Кыргыз, казак адаты

Кыйла сөзду чыгарам
Кыргыз, казак алачдан
Керенгели сабасы
Идиштерин чаначтан
Аяк-табак үйүндө
Азган казан тулганы
Ачып адат кылганы
Арпа буудай жармасы
Илгертеден сөзүмдин
Алып турган кыйласы
Байыркымынын борыны
Айтып урса ушундай
Бул-кебиннин орыны
Чыбык кыйып шерт кыйган
Коюбинин сонуни
Жан бергенди билбеген
Жакшысынын коныры
Байыркынын макалы
Өтиктери такалы
Бөйрөмчөсү бир тутам
Кийимдери жакалы
Байыркынын үркини
Көчүп жүргөн күн-түнү
Аты киймин аябай
Кыз келиндин үртиги
Кыз келиндин жкийгени
Кызыл жибек кырмызы

Эмдигини карачы
Орус алды сурагын
Түштүк жерге жылдызды
Байыркынын кийгени
Кечүгүндө чалбары
Тоо текенин жаргагы
Балактатып кең кылган
Багалеги саймалы
Байыркынын бергени
Кайдан көрдүң эрендер
Эми калдайтып жайган серени
Эмдигини карачы
Азыргысы чеңеди
Унутту нока менен желени
Бээ байлап кымызды
Жана кимиң береди
Байыркыдай үлүштү
Канакей элиң жегени
Жайы-кышы жүгүрөт
Соодагердин тыйыны
Былтыркыдан быйылы
Замананың кыйыны
Боздатады карыбы
Болушнайдын чыгымы
Жайы кышы бир алат
А оокатынын жарымын
Ар бир түрдүү адамдын

Артында бар деп залалы
Өз ишинди өзүң бил
Ойлоп көргүн чаманы
Башка салар балааны
Көздү жуумп санасаң
Кукктуруп санатар
Куру бекер талааны
Акты менен караны
Жан күйөрө карабай
Жакшы жеди бараны.
Жалган ишти чын кылат
Закунуна туралат
Кылар болсо жаланы·
Башта күбөң жок болсо
Кылганынды таңады
Акылы бар боз балдар
Алал ишке көзө салар
Акылсызга убал жок
Сөз сураса үн дебе
Текебердүү адамды
Үйгө кирсе кел дебе
Тил билгениң көңили
Бек чагытып тилдебе
Ууру кылба тегеле
Башың кирер ноктага
Кылдынды түзөгүн
Ага-ини жакынга

Берекенди кетирип
Бийлик бербе катынга
Бу боруңду кылбасаң
Бейлиңди кең салбасаң
Өз башыңа келгенде
Убадаңа турбасаң
Антты-шертти ойлабай
Ата-энеңди булгасаң
Кайдан жакшы боларсың
Кайбат сөздү тыңдасаң
Салабатта зарзаман
Зарлап етти куу заман
Канча зарлап айтсам да
Оңалбады бу заман
Сүйлөгеним зарзаман
Сайраганым булбулдай
Тыңдасаңыз айтамын
Тилим жүйрүк дулдулдай
Грфи бузук молдолар
Айталбаган чулдурдай
Кайраты бар жигиттер
Кара темир чынжырдай
Болат калем колымда
Ок жылгандын тилиндей
Ак кагазым карала
Игелгинин жүнүндөй

Колумдагы калемим
Ак барандын түзүндөй
Зар заманды байкасаң
Жайдын салкын күнүндөй
Кайраты бар жигиттер
Казак орус уруңдөй
Кайраты жок жигиттер
Чап койсо тегүлөт.
Миң дубана бурүндөй
Айнывбаган жигиттер
Ал албарстын мизиндей
Кылган иши тап таза
Машиненин ишиндей
К
Кайда барса сүйүмдү
Касиетти кишидей
Сүйлө десең сүйлөйүн
Кара жамгырдай төгөйүн
Улам алдын жаңылап
Оюн салып берейин
Ар жоруктун башынан
Баян кылып көрөйүн
Ар мааниден сөз айтып
Айдарыма кирейин
Болжол кылып байкасам
Боюмдан көп күнөйүм
Буйруксуз көп айттым

Кечире көр кудайым
Азырет кызыр пайгамбар
Ырызгы насип ийеси
Жакшы жанга туш болар
Алал жүрсө мүнөөү
Бир алдада айып жок
Адамдын көптүр күнеси
Мазары бар башында
Кочкор ата дубасы
Алты келме беш намаз
Ыйманыңдын күбөсү
Кайраты бар сопулар
Кара темир чоюндай
Кайраты жок кам софи
Ит мүлжүгөн моюндай
Алал жүргөн софының
Ырыскысы канчалык
Кудай өзү жеткизер
Кызыл алтын кениндей
Кылган иши тап таза
Ушыр берген эгиндей
Арасы чоң акшылар
Миң кишиниң деминдей
Эл-журуна аркасы
Аскар тоонун белиндей
Ага иниге пайдасы
Күлүк аттын деминдей

Айткан сөзү кишиге
Табыптардын эминдей
Дөөлөтү бар жакшылар
Кырчыны көп өзөндөй
Дөөлөтү бар билимсиз
Эл ашпаган көзөндөй
Акылы бар карылар
Айткан сөзү меселдей
Касиетти кишилер
Кереметти эшендей
Убадалы эр жигит
Кол көтөргүс кишидей
Убадасы жок жигит
Басалбаган бечелдей
Акылы бар карылар
Айткан сөзү нускадай
Колунда жок эр жигит
Жетишпеген кыскадай
Акылы бар малы жок
Аспабы жок устадай
Сыйлашпаган бир тууган
Атасы жат башкадай
Жинди кыял бей намаз
Жер каңтарган чочкодой
Кара көңүл таш кулак
Карматпаган азоодай
Ага-иниңиз көп болсо
Асабалы жасаудай

Өзү акыл билбеген
Айткан сөзге кирбеген
Тил билбеген макоодай
Тилим алган устатың
Кол тапшырган пириңдей
Касиеттүү молдалар
Истамбулдун дининдей
Айткан сөзү шарият
Арап парсы тилиндей
Тил билгили бөө балдар
Жетелеген кашандай
Сарамжалды жигиттер
Жегип койгон поштадай
Кайраты бар жигиттер
Кара корган чарбактай
Ага-иниси көп болса
Токуп койган бурактай
Карап турсаң боруму
Казак орус солдаттай
Ынтымагы бар болсо
Базары бар чарбактай
Тил алышып турушса
Бузулбаган камгактай
Ынтымагы жок болсо
Жетишпеген ырактай
Кыйып кетер бир бирин
Кыргыз, кытай, калмактай

Элин бузган жигиттер
Үй качыргансайгактай
Токтоосу жигиттер
Оюн салган сайлактай
Сөз бербеген жөө чечен
Учуп жүргөн камгактай
Пайдасы жок чечендер
Чөп чыкпаган кургактай
Ыймансыздын көзүнө
Жалган дүйнө жаннаттай
Бир үйрөнгөн адатың
Жамгыр баскан көк даттай
Жууган менен агарбас
Боеп койгон жаргактай
Ыйманыңды жок кылар
Артыңызды ойлотпой
Абайласаң жигиттер
Акын эмес бакырмын
Элге эрмек болсун деп
Болбос ишке асылдым
Көпкө жаман көрүнүп
Көп күнөнү чакырдым
Бендечилик курусун
Билинбеген күнөйим
Жалбарганым бир кудай
Жараткучы бир өзи
Айтып турган сөзүмдүн

Кагаз болсун күбөсү
Он сегиз ааламды
Сактап турган ээси
Бала күтүп, мал күтмөк
Бул дүнүйөнүн бактысы
Бул дүнүйөгө карабас
Жигиттердин жакшысы
Байкасаңыз беш намаз
Ыйманыңды ачкычы,
Өлө турган болгон соң
Ыймандан жок жакшысы
Сөз байкаган жигиттер
Сөзгө жетер кубаты
Асман менен кайгыган
Учкан куштун канаты
Мен жүрөмүн кубанып
Акындыкка кубанып
Акын болбой тургансып
Өлбөс болсо Арстанбек
Жүрбөс беле кууланып
Акындыгым шончодур
Ойлабаган мен карып
Курт-кумурска канаты
Мен айтайын санатты
Кутулбайсыз сөзүмдөн
Куюшулуп санатым

Чыга берет ичимден
Кудуреттин бергени
Сурабадым кишиден
Айбын ачып сүйлөдүм
Көп адамдын ичинен
Айлайайын кудайым
Кечирере бекен күнөйүм
Мен өнденген итинен
Тегеренип айланар
Авадагы жетиген
Күндүз кетип түн болар
Күндүн жарык бетинен
/Хжуж-мажуж/ жай алды
Бул дүниенин четинен
Бул дүниенин белгиси
Ай менен күн жылдызы
Жети асмандан кара жер
Жаркырайды күндизи
Адам ата ава ана
Шондон бери белгиси
Өлүп келет .........
Нечен түмөн мин киши
Пайгамбарлар баары өлди
Падышалар кан өлди
Нечен азиз бенделер
Бул дүниеден жөнөди
Тобе кылсан өткерер

Тоодай болган кынендир
Байкасаңыз айтамын
Акыр заман бул элди
Илгеркинин адами
Көп жашады өмүрди
Кудай билет өмдиги
Узун өмир крерди
Акыл дирия билгенде
Бул жалган жок өлгенге
Чыгым кылсаң себеп жок
Чындап ажал келгенде
Каршылыгың жарабас
Кадыр деөлөт бергенге
Молдо болсоң муни бил
Кулагына киргенде
Колдон келсе ирабат
Коргон салгын бир жерге.
Мына газал бу газал
Бу сөзүмө кулак сал
Андасаңыз чыгады
Айта берсем ар макал
Жакшы чыкпас авазым
Домбырадай залкылдап
Катты чыкпас анчалык
Кашкарлыктай каңкылдап
Акын болса жигиттер
Сөз чыгарар эрмекке

Ауз кылса бир жерге
Әл чогулар көрмекке
Көп кармаса чогулуп
Айтса керек эрмекке
Кептин кылган дувасы
Кабыл болар деген бар
Кудай ыйман бергизип
Айта көргүн жигиттер
Арман ден сөз айтып
Аяк башын кертейин
Колунмдагы домбурам
Куш убагын минтейин
Ыйманыма жардам бер
Ыйман Хасан-Хусайин
Ыйманыма жардам бер
Таңга жакын болганда
Булбул сайрар авага
Туш кушуның баарысы
Таспих тартар кудага
Учуп жүргөн канатти
Урук таштар уяга
Чай куярга ылайык
Чыны кесе пияла
Китап билген молдага
Жакшы жүрмек керекдир
Ар кишиде бир акыл
Өз билгени ыраба
Келиштирип сүйлөсөм

Келер сөзим орунды
/Мекке иле-Медине/
Пайгамбардан мурунку
Адам ата ава ана
Ар жандардан авалки
Жебирейил атты периште
Пайгамбарга кабарчы
Бул дүние жалганчы
Акылсызга кубанчы
Жараткан жалгыз кудайым
Жаным курбан кылайын
Азап кыла көрбегин
Айланайын ылахым
Буйрук жетип күн бүтсө
Учуп кетер чымындай
Тениң калар суналып
Буту колуң жыйылбай
Тириликте көрөңиз
Ак сарайдын сырындай
Өлгөндөн соң көркиң
Керети жок тыйындай
Зарзаманды байкасаң
Башка сөздин жанында
Жети сомдук буюмдай
Карыганда ким болса
Көркеми жок бакадай
Кара көңил дым кыял

Тим жүргени кападай
Байбиченин жакшысы
Ийи майда матадай
Пейли жакшы кең болса
Майы калың учадай
Кудай берген кишилер
Үйрү өскөн букадай
Уулу, кызы көп болса
Улук салган супадай
Зар заманым сайраган
Сөзүн адам кармаган
Дин мусулман бендеси
Дуабасынан жанбаган
Жаман айткан суук сөз
Сүйекке баскан тамгадай
Иси кеткен калалык
Эски оорук тамгадай
Акылга мол азамат
Дарс окуган молдадай
Таалим алсаң сөзинен
Тамырың берген олжадай
Кайыры көп байларың
Карагайлы жылгадай
Ырызгысы өзине
Бышып турган алмадай
Кыргый сабап учкандай
Казыкканда жакшы сөз

Кызыл алтын мыскалдай
Кыз-келиндин жаманы
Үй бүлдүргөн чычкандай
Жакшы катын белгиси
Кылган ашын кызганбай
Сыр билгизбей турады
Мүнөзинен козгалбай
Келиндердин жакшысы
Кездеменин чынындай
Борымы түз мулайым
Булгарынын ийиндей
Өзү жаман бош болса
Окуп кетер чырайы
Эч өнөри билинбей
Кызыл жардын тигиндей
Кыз балдардын жакшысы
Күзгүсү бар айнектей
Жакшы кийим жарашар
Жашыл моюн өрдөктөй
Карап турсаң борымы
Таза жууган көйнөктөй
Жетпей турат далай жан
Күкүк менен сейнектей
Көркү жакшы кыз бала
Көл боюнда кырчындей
Булу кымбат канчалык

Ак албарстын курчындай
Бар келишкен борымы
Булгарынын мурчындай
Жаман кыздын белгиси
Ушак айтат жомоктой
Үй бүлесин жүдетет
Жазгы конгон конокой
Кемпирлердин жакшысы
Кимге болсо энадай
Кемпирлердин жаманы
Башка келген балаадай
Арбагы чоң жакшылар
Улук корган каладай
Акылсыз акмак тантыктар
Үйренбеген танадай
Акыга барган адамдар
Пайгамбардын туусундай
Башындагы селдеси
Ысык көлдүн куусундай
Мектептеги балалар
Желедеги кулундай
Бейли жакшы молдолор
Бетегели булундай
Кызыктыгы баланың
Кыз да болсо уулдай
Топ ичинде сакалды
Тоога чыккан арпадай

Куны кеткен байларын
Үшик алган аркадай
Көзүң жетсе барыга
Көңүлүң жарык күзгүдөй
Ыйман берсе кудайым
Эсиңизге түшкидей
Кайраты бар жакшылар
Борону көп кышкыдай
Жамандардын баарысы
Эси чыгып чычкыдай
Жандын баарын коркутуп
Кудайлап кыйкырып
Жакшы болчу боз бала
Чагылгандын огундай
Арам заада боз бала
Чычып салган богундай
Чычкылы болса боз бала
Чычкан алган мышыктай
Чыдамы болсо ар ишке
Көпке жаккан кыйшыктай
Кош кыялдуу кишилер
Кой ичинде эчкидей
Айткан сөзгө турбаган
Чыдамы жок эскидей
Жакшы болса боз бала
Жайлоодагы жазыктай
Ишеничтүү жигиттер

46.

Ат байлаган казыктай
Акылсыз акмак сараң бай
Жакшыларга азыктай
Ол кыялын койбаса
Динден чыгып кеткидей
Катындардын жаманы
Карды тойсо кепкүдей
Өзү билсе кокустан
Эрин кетке тепкидей
Эптүүсүнгөн адамдар
Өзү байып кеткидей
Ичпей-жебей байлыкка
Ою менен жеткидей
Кудай өзү бербесе
Ким касынып күткидей
Кудай өзү бергенди
Чачса дагы жеткидей
Келип калсаң дүнүйөнү
Мал көрбөгөн жигиттер
Көрүшүп жатып өпкүдөй
Тобаң кабыл болады
Тобокел десең теңирге
Кысынгандын эби бар
Журтка жаман көрүнбө
Алал багып күтүп же
Беш жамазга эринбе
Убал кылып акыры

Уул менен келинге
Багып жүрүп байдасын
Эч көрбөдүк дедирбе
Куда күтүп дос карма
Кур талаага семирбе
Болбос ишке асылып
Бекер куру теминбе
Зар заманым ушундай
Залал айтсам тил албa
Урганыңда бүлөңдин
Асти исин чыгарба
Өлмөйинче тиштенип
Кайратыңдан айрылба
Намаз менен кыранга
Күтүнө көр буларга
Байкасаңыз дүйнөнү
Бааны жок түбүндө
Кача жакын көрсөңдө
Аяны жок бир күндө
Башындагы мееңиз
Тамырлары жөнүндө
Бир аллага мунун барр
Булубул торгай үнүндө
Сегиз бейиш белгиси
Тоту куштун жөнүндө
Жети тозок белгиси

Кара жылан түринде
Болды шайман оюны
Бозакрыдын үйүндө
Кесир айткан бенденин
Текебери тилинде
Намаз жүрбес окуса
Арам болгон кийимде
Жети кат жер баарысы
Бир бериште колында
Он сегиз миң ааламдар
Көк өгүздүн жонунда
Көкө Кочкордын белгиси
Шор дариянын суунда
Ысмагылдын курбаны
Мина деген орунда
Ар балакет күчеди
Акыр заман дорунда.
Мусулмандын сурагы
Жана капыр колунда
Дагы болсо жигиттер
Жакшылыктан тилейли
Тоба кылсак кудайым
Кечирер бекен күнөйди
Кудай билет өлүмдү
Кара жерге кар жааса
Жердин жүзү агарды

Кандай кылып и барарды
Байда кылар аштыкка
Күзги жели шамалы
Кандай болсо кылады
Орус капыр амалды
Ар жарагы шайманды
Өлең айтып жарылдап
Бу кафирдин көйрени
Кызыл бешмант кынама
Дин билбеген айбаны
Сураса кыргыз орусты
Тердирер эле конуузды.
Кудайдан коркуп- койбаса
Колунан малдан донуузды
Өкүмдүк кылбайт бирине
Колымдан келип турат деп
Зордук кылбай динине
Эмне десе кыргыздын
Ишенип калат тилине
Шоодураган салдаты
Бопороздан канчасы
Карап турса капырдын
Кыйын экен калбасы
Дини бузук чочканы
Мал жоголсо төлөтип
Элден алат босканы

Шырыгытын кошпады
Бир кудайды тааныбай
Ою менен оттады
Кулын тайы денедей
Атын көрчү дубалдай
Адам айрып тааныгыз
Кызынын көркү жубандай
Кынамалы бөйреги
Чубалжыган көйнөги
Чурулдап өлең айтканда
Баарысынын көйреңи
Бели тутам айбалы
Жети күндө майрамы
Тил билбеген айбалы
Акыретке барганда
Анда көрбөйт файданы
Бу кафирдин мүнөзи
Нечен журтка баш койгон
Жандыралы кинези
Арабасы чанасы
Жаптан мурдын көсебейт
Жалпы сайыр баласы
Мал багышы капырды
Конуроосу чакырды
Жердин жүзүн жапырды
Тил билбеген капырды
Карыялардынм мисели

Кепке жүйрүк чечени
Меселдетип кеп айтат
Илгеркиден нечени
Жылкы тийип үй чапкан
Илгеркинин кезеги
Жалган айтып алууда
Эмдигинин эсеби
Айтып турса билбейди
Аят кадиш китепти
Илгеркиден нусканы
Эч бир адам тутпады
Ойласаңыз акыры
Оюн күлкү токтады
Жолду билген жообаска
Жоо качырган шабозга
Найзалары үч кулач
Темир сайган жыгачка
Илгеркилер бир порум
Эрки менен болганын
Жер корушту билбеген
Дөөлөтүнүн кең молы
Илгеркилер өрнөгү
Эшитемин абайлап
Ушулардын болжалы
Оболгудан акырга
Алыскыдан жакынга
Айта берем сөз кылып

Мусулмандан капырга
Сөзүм аты зар заман
Ак кагазга жазылган
Аманат жан өтерде
Ажал өлим жакылган
Болжал кылып байкачы
Бул заманың такылган
Бу капырдын арбагын
Журтка тиер зардабы
Ыйласа да жетпеди
Мусулмандын арбагы
Арып барат жылкыга
Калаа салган чарбагы
Кыргын кылып капырды
Кана кудай алганы
Калыйпа султан урумдан
Кана тийген жардамы.
Тенгеден алды салыкты
Каратты далай калыкты
Коркунуч кылды колына
Дин мусулман шарифти
Белгилеп алды жеринди
Жериңе салды эгинди
Тогатпады кебинди
Абыдан кести деминди
Аралаш кылды оруска

Атандан калган чегинди

Эмдиги заман бул болду
Мусулман заада кор болды
Айталык акыр бетине
Ача көр кудай оң жолды
Оруска берди илимди
Кыргыздан көрди залимди
Аманет багып курыдын
Жигиттер алалдан тапкан малыңды
Бу замандын жигиттер
Бейлине болжан карасак
Береке журттан таралды
Колунан келген жакшылар
Журтуна кылды жабырды
Колунда жок деп аябайт
Колунда жок чабырды
Кыла берет баарына
Агайын тууган баарына
Кыныккан соң баарыга
Чыгып салар дарага
Старчы бий болушы
Куруп калсын алардын
Арамдан тапкан ырысы
Ар сонундар чыгады

Акындардын артынан
Бечаралар зар ыйлайт
Залимдердин зарынан
Ораза намаз бузылды
Молдолардын калпынан
Береке журттан жогалды
Элдин убадасыз антынан
Акылы бар адамдар
Шарыйгатты ойлайды
Адырандаган жамандар
Өз билгенин койбады
Арам дөөлөт байларың
Малга көзү тобады
Дили сараң байларың
Бир нерсесин кыйбады
Өлганыга тыйын жыйып
Кол менен мал сойбайды
Бу замандын жакшысы
Тили жүйрик таттысы
Үйдө жатып тынч алып
Болбады гой жаткысы
Кудай өзү оңдасын
Бу замандын арткысын
Уга турган сөздерди
Угызганым керекти
Кылса түндик болады

Кайың менен теректи
Айткан сөздү байкаса
Акылы бар жигитке
Ар жерлерде керекти
Баатыр болар атанып
Жоога кирген жүректи
Жапырк түшер шоодарып
Какса учун теректи
Курт ичинен чыгарып
Кымкап кылды жибекти
Ары бакса бал болот
Көп көтерсе чилекти
Молдалыгым кошумча
Болот калем кармайын
Өли менен тирини
Эп келтирип жамайын
Эрикkенде сөз кылып
Ушундай деп санаймын
Абелинде жалынып
Жалбарамын кудайга
Тири жүрсөм зар заман
Сөзү кетер далайга
Насийгатты сүйлөсөм
Акыл менен абайла
Убадаңды кетирбе
Үйүңдөги малайга

Айткан сөзүм түз бекен
Бу сөзимди байкасаң
Бир бирине кошулбас
Бейли жаман капырлар
Беш намазды окубас
Башка келген өлүмден
Жан жаныбар кутулбас
Бейли жакшы жигитде
Бересеге басынбас
Бейли кеңге жолуксаң
Берекеңди качырбас
Дүнүйө кор байларың
Тамагынан татырбас
Жардам кылып жанына
Жалгыз түтүн кондурбас
Ол өңденген байларың
Жаанамдан кутулбас
Дини катты бенделер
Мусулманга кошулбас
Акын адам сүйлөйди
Алды кийнин карабай
Кете берет далай сөз
Сайгак тийген танадай
Кандай салсаң кетеди
Карга салган чанадай
Кызыктыгын карасаң
Базарлы дүкен калаадай

Айтканымдын баяны
Жерге тийбес аягы
Молдалар алар колына
Болот калем зыяны
Жакын көрбө жаманды
Жакын көрсөң жаманды
Бир күн тиер зыяны
Таркамайды тириде
Бул дүнүйенин кумары
Дал отузгам келгенче
Боз баланын убагы
Алтымыш менен жетимиш
Абышканын курагы
Алда кандай болады
Караңгы көр ичинде
Муңкир! наңкир сурагы
Айта берсе жигитдер
Сөз табылар акынга
Айткан менен түбине
Ким жетеди акылга
Жаув беттешип туралбас
Сырын билген баатырга
Жалынсаң да пайда жок
Ишиң түшсө капырга
Жалгыз малы алтыдай
Байыбай жүргөн бакырга
Эси бар деп ишенбе

Эрин коюп катынга
Молдо болсаң акыры
Байкап жүргүн кагазга
Байкап жүрсөң жигиттер
Балбан болгун жамазга
Напсиңизди тыйыңыз
Напсиңизди тийбесең
Бир каларсың уятка
Уят болуп кыньгып
Аманатты жогатпа
Бар болсоо да жигиттер
Эстүүсүнүп суратпа
Кайраты бар жигиттер
Адат кылган намазга
Бире буюм сураса
Калтырмаңыз заматка
Кыжалат болуп келгенде
Эби келсе жигиттер
Калтырмаңыз уятка
Капырлыктын нишани
Үйренбегин адатка
Ак сакалдар айтайын
Келдиңиздер бу жашка
Карыганда кууланба
Жаш күниңиз бир башка.
Илгеркиңди көп айтып

Өткөр жолдон адашпа
Кылыгы жакшы боз бала
Кылган иши шамдайай
Мен айтайын сиздерге
Жакшы менен жаманды
Аралаша ылгабай
Жакшы заман болсо да
Ичте болсун сырларың
Ашкере айтып булгабай
Маанисине жеткендер
Салып турсун кулагын
Маанисине жетпесе
Тыңдабасын сөзүмдү
Куру бекер чуулдап
Так кетирбе сөзүмди
Замандын түрүн барлаймын
Мурункунун бири жок
Шоларды жоктоп зарлаймын
Айдың-айдың көлдерден
Аяктай суусы калбады
Ойдуң-ойдуң жерлерден
Мал чалар оты калбады.
Түп, Жыргалаң эки суу
Эр конарга тар болду
Каргай,кайың, тал , терек
Тамыр түби соолып
Капчы сапка бар болду

Малга ылайык жери жок
Жерге ылайык эли жок
Асыл затдар кор болды
Жакшыга жаман зор болду
Кар жаабай турган кара жер
Темиңгиден кар болды
Каранын уулу кан болду
Кандан тууган маң болды
Эр азамат жигитке
Сары суулар аш болды
Калк кармаган улуктар
Мурункудан бас болды
Арбактуу ~~э-рд-~~ эрдин тукумы
Душман менен дос болды
Калк кармаган бек кандар
Тагынан түшип келбеди
Не жамандар түзелип
Жогору карай өрелди
Ат башындай жүректи
Кайгылы болуп чырлады
Мырзалык байдан төгелди
Арканың кийик куланы
Алды-алдынан төгелди
Ушулар эске түшкенде
Бурбайсың неке көңүлцу
Бийимиз болду барадан
Каныз болду карадан

Бул Молдо Калыгтыкы эмес, кошумча

Жокко көзүн салбады
Дөөлет күткен бар адам
Биреөнү биреө күнилеп
Татуулук кетти арадан
Карш таман мышык баш
Не загындар жетилди
Сан тийбей турган жамандар
Улактай башка кикирди
Не жамандын балдары
Кандан тууган шекилди
Албарстай асыл жакшылар
Өзөөзүнөн кетилди
Оору көңүлүн ким ачар
Ал сураган тең ачар
Черлеген эрдин кайсысын
Алдайлеп сүйген бала ачар
Башка конгон бек ачар
Адими жигит ар ишин
Алма моюн жалкын чач
Жаркылдап күлгөн жар ачар
Уул кайгысын ким ачар
Алдындагы мекеси
Артындагы бан асы
Ата менен ана ачар
Ат кайгысын ким ачар
Күнүне жети караган
Жал куйрыгын тараган

Сулуу менен жем берип
Кадырын билген ар ачар
Эл кайгысын ким ачар
Үзеңгисинтең баскан
Адил тууган кан ачар.
Аккан суу менен кең коныш
Түрленген жашыл көк ачар
Жакшылык менен жамандык
Баары куудайдан болган соң
Сабырлык кылмак жарашар.
Кызыл ала куу болган
Кыргаулдын канаты
Кызыктырып сүйлеген
Молдо Кылыч санаты
Тегеренсе бу тилим
Тегирмендин барысы
Дува кылып коюңуз
Дин мусулман баласы
Жагар болсо бу сөзүм
Жашы үлкөн агалар
Амийин деп кол жайган
Ак сакалды бабалар
Кайсы бирин айтайын
Кайгылы эрде санаа бар
Эшиткен мөми бенделер
Дуга кылып коер деп
Мен карыпда дама бар.

# БАЛБАК

Саморың алтын жыш эле
Сан кишиге баш эле,
Сайдан ердек качырбас
Жаш төрөм сарала туйгун куш эле.
Сандыгың алтын жыш эле
Санасы жаман көп душман
Самаганың ушу эле.
Көмүркөй алтын жыш эле
Көлдөн өрдөк учурбас
Жаш төрөм, көк ала туйгун куш эле.
Көңүлү жаман көп душман
Көмүп жаның тындыбы?
Көлөгөнүн ушу эле.
Жыргалчылык туш эле
Атаке, колуңа туйгун куш эле,
Колуңа туйгун турбаган
Чоң атаң кандай киши эле?

Анда чоң атасы айтат:

Карчыга куш кыраным,
Каз алдырган тынарым
Кайран Балбак тулпарым,
Тушума байлап туйлабай,
Чоң аталап ыйлабай,
Арбагым минтип сыйлабай
Жанымды жаман кыстаттың.
Карыганда атаңды
Жаш ботом деп сыздаттың.

Анда келини айтат:

64

2.

Тулу экен карысы,
Тулпар экен баласы.
Асыл экен задиси
Арстан экен атаке,
Өткөндөрдүн барысы.
Атанган Балбак түбүнөн
Алдыраган атаң үбүнөн
Алгандын түбүн казам деп,
Асылым, аттанып чыккан үйүнен.
Аттанып шейит болгон соң
Ушубу жалган дүйнөң.
Тактасына конгон соң
Тактага конуп алган соң
Улукка сөзүң сыйдырдың,
Сырт ойдон жылкы жыйдырдың.
Жоол албай душмандан
Өзүң тугул айлындагы кулуңдан
Алдырган атаң булунан
Бул издетип жиберип
Кати кун,
Айрылган чолпан уулунан.
Жаш төрөм, жаш экенден тиледиң
Жаныңа өлүм шейитти,
Өз өмүрүң тилебей
Күн мурунтан жасаттың
Чоң атаңа бейитти,
Аныңды эгем куш көрбөй

3.

Атаңа салган бейитке
Өзүңдү коюп киргизип
Арканда бизди кейиттиң.
Салдырдың чоң атаңа сарайды
Аныңды эгем куш көрбөй
Атаңа салган сарайга
Өзүңдү коюп киргизип,
Аркандагы калгандын
Эки көзү алайды.
Кылганыңдын баарысы
Тири адамдан бөлөкчө
Жаш төрөм, бу кылганың жарайбы?
Жасаттың алты балдакты
Жасаган эгем жар болуп
Жаш төрөм, жашыңда берген арбакты.
Өз өмүрүң тилебей
Күн мурунтан жасаттың
Чоң атаңа чарбакты,
Аныңды эгем көш көрбөй
Атаңа салган чарбакка
42 Өзүңдү коюп киргизип
Катыгын, арканда бейбак заргакты.
Айтпай кантип коемун
Арманда өткөн Балбакты
Сен да кылдың бар ишти
Салдың бир далай жерге арышты
Сен аттанып чыкканда

4.

Чеченсиген душманын
Сүйлөбөй жаагы карышты.
Акыл ойлап багышты
Намыздашкан жерине
Аябастан салышты
Айдаттың Сибирге Өтөнбай менен Табышты
Айдоодон табыш келгиче
Катыкүн, асылым Балбак жабышты
Айтпасак бизге жазана
Жаш төрөм, аркы атаң элге казана
Дебесек бизге жазана
Жаш төрөм, жети атаң журтка казана
Түп атаң элге кан болгон
Дүнүйөң журтка даң болгон,
Аркы атаң элге кан болган
Алганың бейбак маң болган,
Ойронунан айрылып
Оймоктай бети кан болгон.
Эркек түгүл кызы жок
Жаш төрөм, неден чунак жан болган.
Борымды деп дем байлап,
Болуш кылган эл шайлап,
Төрт аягын бөжүтүп
Минип өттүң жорганы,
Болуп калган конагы
Токмак, Пишпек органы
.....................

5.

Жолга салдың молданы.
Жооп алып үйезден
Жаш төрөм, турдуң эле болбады.
43. Он үчүнде ойнаган,
Он төртүнө чыкканда
Ок жылан болуп сойлаган.
Он бешине чыкканда
Орустан закүн койбаган,
Он алтыга чыкканда
Бир болыштин адамын
Чайкасам деп ойлаган.
Усталардан дат алган,
Молдалардан кат алган,
Карылардан бата алган,
Жыйырма бир жашында
Болуш Балбак аталган.
Тийедей тууган нар өткөн,
Олуя чал-кары өткөн
Илгергини баары өткөн.
~~Гымыр-гыйман яр~~ өткөн
Арбагы сизге жар болсын
Акрыет жайга барганда
Сүннети сизге бар болсын.
Бийеден тууган кер өткөн,
Найза кармап эр өткөн,
Азирет Алы шер өткөн,
Арбагы сизге жар болсын.

68

6.

~~Акыреет жайга барганда~~
Суюнөөнү сизде бар болсун.
Аркаңда калган карабет
Айтып какшап кар болсун.
Атка салдың балдакты
Жалдыраттың жайнаттың
Жаш төрөм,
Жаш алганың ардакты.
Аркаңда бейбак зар какты
Айтпай кантип коемун
Армандан өткөн Балбакты.
Ишиңди салдың жарлыкка.
Агайын канча кылат деп,
Ойлободуң тарлыкка,
Асылды жыйдың сандыкка
Акыл-айла табалбайт
Алладан болгон жарлыкка.
Анча шайтан болбоса
Жаш төрөм,
Олтурдуң эле кандыкка.
Музду бастың талкалап,
Мырза чыктың чалкалап,
Атаңыздан бабаңыз
Букарды алган талкалап,
Келүүчү эле душманың
Мунканса башын калкалап,
Ызат билбес адамдар
Журт жакшысын байкабай
~~Кетерсин аркалап~~
Көтөрсүн күнүн аркалап.

7.

Ташты бастың жалкалап,
Талаша чыктың чалкалап,
Атаңыздан бабаңыз
Ташкенди алган талкалап.
Изат билбес адамдар
Журт жакшысын байкабай
Көтөрсүн кунун аркалап.
Алтын самоор, жез чайнек
Чай оозундан кеткен жок,
Атаңыздан бабаңыз
Үй оозунан кеткен жок,
Арпыңга кыргыз жеткен жок.
Күмүш самоор, жез чайнек
Чай оозундан кеткен жок,
Күлдү атаңдан бабаңыз
Үй оозунан кеткен жок,
Жаш төрөм,
Күнүңө кыргыз жеткен жок.
Чак этме мылтык сом аткан,
Сап жакшыга кол арткан,
Намыздашкан душманы
Серкөөл көздөй узаткан,
Жакынкы тууган сулаткан.
Берденке мылтык сом аткан,
Байташа кеткен душманы
Серкөөл көздөй узаткан,
Басташкан тууган сулаткан.

8.

Он сегиз миң ааламдын
Ортасында пашасы
Дөөд уулу Сулайман
Мунуң жеткен казасы
Так Сулайман пайгамбар
Дөө, пери сураган
Кудаага таза жылаган
Кырк жыл качып өлүмдөн
Койбасын өлүм билген соң
Өлимге шолар ынаган.
Өлүп кеттиң кайраным,
Эрегишкен сөз менен
Жатып калдың кайраным.
Эки чарчы бөз менен
Кер жорган жүрүп тай болду
Кермелдей Балбагым
Кең Кочкорго жай болду.
Сур жоргоң жүрүп тай болду
Сурайылдай Балбагым
Кең Кочкорго жай болду.
Үйүң толгон мис табак
Чачылды баары шаңгырап,
Арканда калган бейбактын
Эки көзү жалдырап,
Керегенди айгайын
Тор көзөнөк тигилүү

9.

Керегиндин башында
Ойраным, сырт көпие илилү.
Атыңа алтындан така мык урдың
Асылым Балбак, кайран эр
Кеттиң акырет көздей.... мык урдуң.
Атыңа күмүштөн така мык урдуң
Күлүстөн Балбак, кайран эр
Кеттиң, кыямат көздей..... мык урдуң.
Айааламды (жеп) жатклн
Алматы, Семей кандай жер?
Акылы артык кайран эр.
Кылымдын баарын жеп жаткан
Кызыл жар, Семей кандай жер?
Кылымдан артык кайран эр.
Керегенди айтайын:
Төрт көзөнөк тигилүү,
Керегендин башында
Ойронум, сырт көпүйө илилүү,
Кызыл тоонун улжасы
Кырында ойнойт кулжасы
Кыз алганың карабет
76. Калдым, алда кимдин олжосу.
Кара тоонуң үлчасы
Кашында ойнойт кулжасы
Кыз алганың карабет
Калдым, алда кимдин олжосу.
Минген атың карагер

72

## 10.

Мынча кеттиң не дейин
Ойронум, бейишти көздөй бара көр!

БАЛБАЙ БААТЫРДЫН КАЗАЛЫ

Баатыр бузган эмеспи
Алтай менен Шаңгайды
Калалы капыр кармады
Кан кожам кебин кийигизип
Кечеги өткен Балбайды
Ылайлы сууга арбады
Ылаачын баатыр Балбайды
Ыраактан орус кармады
Санаа тартып нетти деп
Баатырды саңгаштан бери кетти деп
Мында кылдык бир үмүт
Баатыр чен тонун кийип нетти деп
Челектен берип кетти деп
Челектен Тезек төрө сурады
Сураганга бербеди
Кан белектин тукумун
Кармап берип эрдеди
Жардан чопо нурады
Жакшыдан Жантай сурады
Сураганга бербеди
Кан Белектин тукуму
Кармап берип не деди...
Баатыр андан өткөн соң
Капырды көздөй жүгүндү
Бу Балбайды бербеди
Кан Белектин тукуму
Бу Балбайдан түңүлдү

2.

Ой Миңмурат кызталак

Астыртан шыбыш бергени

Гана султан болуп келгени

Ой Өмүрзак куу мурут

Атаңын жолун куббадың

Агаң Балбай баатырды

Орус кармап өткөндө

Бирнаа сурап турбадың

Карчыга салган боо менен

Кечеги өткөн эр Балбай

Кармашып өткөн эмеспи

Ушу капыр жоо менен

Туйгун салган боо менен

Кечэги өткөн эр Балбай

Тууралып өткөн эмеспи

Ушу капыр жоо менен

Муздап калды бейлиңиз

Буркурады элиңиз

Сыздап калды- бейлиңиз

Зыркырады элиңиз

Агын сууну сурады

Элим кантип жатат деп

Кайран Балбай казанат

Алматыдан сурады

Матадан топту кездеди

Элим кантип жатат деп

Кайран Балбай казанат

3.

Алматыдан издеди
Сака менен чүкөден
Оң талашты эр Балбай
Орус менен кытайдан
Жол талашты эр Балбай
Талашкан жолун бербеди
Кан Белектин тукумун
Кармап берип эрдеди
Капырдын чыгарып алып сиресин
Ойрон Балбай казанат
Эми чындап айтты керезин
Кыдырaалы кыйды элең
Кырк жигиттен сыйда элең
Асандын уулу Ашырбай
Айта кергү кулунум
Менин аманат сөзүм жашырбай
Жолуңду кыдыр жолдосун
Ботом жолдошуң
Жолборс Балбай колдасын
Эсен-аман эл көрсөң
Эр Өмүргө керез айт
Эр Өмүр жатат конушта
Эгизиң Балбай жатат оруста
Чоң өмүр жатат конушта
Жолдошуң Балбай жатат оруста
Эр Өмүр жатат етекте

4.

Эгизиң калбай жатат
Тил билбеген көчөттө
Чоң өмүр жатат өтөктө
Жолдошуң Балбай жатат
Тили билбеген көчөттө
Эрди сайса тең сайды
Өмүр! Балбай атанып
Эрдеги өткөн Манастан
Не жеринен кем сайдык
Кылычты сайдык билекке
Кыйын чыктык тилекке
Айбалта алдың бармакка
Өмүр, Балбай атанып
Аттанып чыктык арбакка...
Жорпокп атка мингели
Жоо мааниси билгени
Жоону алсак бир алдык
Жортуул башы билекке
Жол көрсөтүп эр кылдым
Жакшы керез айта көр
Төмөнкү желдең Жанаке
Эрчитип жүрүп эр кылдым
Өзүм менен тең кылдым
Өмүр менен Балбайдын
Не жеринен кем кылдым
Ушташа кеткен душманым
Мен чунак толгон дем кылдым

77

5.

Ботом эр Жанакка керез айт
Кече оруска эли киргенде
Оролун таап сөз айткан
Коконго эли киргенде
Козголбастан сөз айткан
Кытайга элчи киргенде
Кыйыгын таап сөз айткан
Чечендеги бар эле
Чачындагы ала эле
Ар улуктун талымын
Тартып калган жан эле
Акылында арбачы
Азыр капы тушунда
Ушу Тилекматты кармачы
Кагаз ишкер элимдин
Казысы эле Мутакем
Калың бугу элимдин
Атасы эле Мутакем
Жазы алдаш журтумдун
Жакасы эле Мутакем
Эми карылык башка келген соң
Кара сууну бурсунде
Кайылайын Мутакем
Калың бугу журтуна
Казый болуп турсун де
Найза үзүлбөй колумдан

Меж чунак аттанып чыктым жолумдан
Кармадым болот кылычты
Кашыма кошчу көп алдым
Бакачы кара Жунушту
Жолдош болуп көп жорткон
Жорупты уулу Нурдөөлөт
Мында сүрдүм бир нөөмөт
Айдаганым мингеним
Албан Дуулат кубасы
Тыштатканым кийгеним
Ташкендиктин буласы
Иледен аркы коргаштан
Жылкы айдадым болбостон
Малай сары май дөбө
Мындан барып үй чаптым
Жол арага конбостон
Жолумдан чыккан душманым
Жобочу беле жок беле
Мен чунактай жолборстон
Иленин суусун бойлодум
Чарындын суусун бойлодум
Чапыраштты казактан
Мындан жылкы койбодум
Атка тарттым кошумду
Айдап жүрүп жыйчу элем
Айт Курмандай бозумду
Кече Темир, Болот бир болуп

7.

Болуп турган кезинде
Ныязбектин чоң Ормон
Толуп турган кезинде
Алтын менен күмүштү
Бурап турган кезинде
Ныязбектин чоң Ормон
Төгөректүн төрт бурчун
Сурап турган кезинде
Жумгалдан алдым жылкысын
Журтунун алдым уйкусун
Кочкордон алдым жылкысын
Козгодум минтип уйкусун
Ок атыштым Ормонго
Аралаштым Жантайга
Сапар жүрдүм Алтайга
Саламдашып чыккамын
Төмөнкү Чоро Матайга
Кече эчки өлбөстү
Эки чат беш арал малды бөлгөндө
Кыдыктын Намазбек баатыр өлгөндө
Аты солто Сарбагыш
Мен чунактан кырылды
Мен чунактан эрдиги
Тап ошондо билинди
Кече Курманкожо Кулжыгач
Кулагымды кескен соң

8.

Төрөкелди баатырды
Көк букага мингиздим
Мен чунак
Эрдикти мындан билгиздим
Жамынып туруп солтого
Солто түшүп ортого
Кыйыгыма тийген соң
Кылыч алдым албарстан
Кырып бузуп жылкы алдым
Үстү Чүй, Кочкор, Таластан
Тойюн барып топ буздум
Чечтөбөнү ченедим
Черикке минтип билиндим
Кашкардын жолун кайгыдым
Каранды көрүп айнидым
Кашкардын башы дөбө
Мындан жылкы айдадым
Чет кайың барып жер чалдым
Нойгутту бузуп олжо алдым
Мындай олжо кайдан алдым
Кара башыл койду алдым
Коюмду айдап жылдырдым
Кожо жорткон жорумдун
Көңүлүн минтип тындырдым
Түн катар түнтөй саягым
Түшүндөн чыкпас таягым
Айдап жүрүп сарт кылдым

9.

Ичи толгон сары кылдым
Кара макмал берк эле
Алда ботом Байкашка
Карарып күйгөн өрт эле
Кызыл макмал өрт эле
Алда ботом Байкашка
Кызарып күйгөн өрт эле
Табылгылы кулатдай
Алда ботом Байкашка
Таптап койгон болатдай
Кымыздыкты кулатдай
Алда ботом Байкашка
Кынап койгон болоттой
Кара макмал берк учуу
Карарып күйгөн өрт өчтү
Кызыл макмал өрт өчтү
Кызарып күйгөн өрт өчтү
Жылкы ичинде торгашка
Жоботуп кеттиң Байгашка
Жылкы ичинде кер кашка
Кейитип кеттиң Байгашка
Ботом заманыбыз бир башка
Токум үстү миң карал
Жердеген жерим сурасаң
Качкөгүздүн үч арал
Көлдөн аэла жок болсо
Үч арал көздөй кишиде
Кече Омбулук орус жүз киши

Көлгө жаңы түшкөндө
Башыма кыйын иш тарткан
Ат ылоолоп минем деп
Он беш орус аттанган
Ойталдын Иле чатында
Такабай уулу Кенжебай
Менен Тарыкчы
Катары менен сулатты
Түңүлдүм эми капырдын
Тууганым болор душманым
Ичимде болор бушманым
Өзүбек, Тагай, Бообегим
Жоо бетинде өбөгүм
Кол тийген жерим көп эле
Ботом быягына бек болсун
Жайкы чыккан көк шибер
Жайкалчак болор шамалга
Жалгыз бала Мойногум
Жалтанчак болор адамга
Кузгун атты кушун көр
Курдашым журтум мында жок
Кудуреттин ишин көр
Булбул аттуу кушун көр
Мундашар журтум мында жок
Бу кудайдын ишин көр

## .ХАЛ ЗАМАН

Өтүп кетти ар заман
Энди келди тар заман
Адамына жараша
Олол азыр ал заман
Хал замандан алыңыз
Аңдап кулак салыңыз
Замандаш эркек ургаачы
Аксакалдуу карыңыз
Башка сөздү токтотуп
Кулагыңды салыңыз.
Зекетсиз болсо пайда жок
Кайырсыз болсо малыңыз.
Хал замандын сөзүнөн
Гыбырат ал барыңыз
Колума учтап калемди
Ойлоп турсам заманды
Адам ата ава ана
Пайгамбарлар баары өттү
Ушукман аким кары өттү
Рустам, Дастан, эр өттү
Азирет Аалы шер өттү
Өмер, Осман жар өттү
Отуз үч миң сааба
Ошол заман баары өттү
Табылгылар дагы өттү
Ийман аазам азирет
Абы Жусуп Мухамбет

2.

.................. баары өттү

Искендер менен Сулайман

..........................

Окуялар баары өттү

........... жана өттү

Кожахматсой

...............пир өттү

Идирис гыз тири өттү

Бу сөзүмдү укаандар

Буюрмагын айыпка

Илияс кызыр пайгамбар

Буларда көчтү гайыпка

Ар замандын адамын

Баян кылып жазамын

Мен айтайын жарандар

Жаш күнүмдө көргөнүм

Келсе орус келгенин

Баян кылып айтайын

Көркөмскей үйөздин

Көлдө хаким сүргенин

Шол заманда жарандар

Көлдө кыргыз бар экен

Көргөнү жалгыз мал экен

Берекеси бар экен

Мейманды артык сыйлаган

Беш миң жылкы бугунун

Ар бириси айдаган

Шол заманда кыргыздар

3.

Убадасы бар экен
Нийзам менен иши жок
Шарыгатка чала экен
Дүнүйө маны мол экен
Мугалим молда жок экен
Далада есту кыргыздар
Шарыят нийзам билбестен
Чакырып акыл сурады
Мухаммеди тилмечтен
Алмедай өсүп бүрдөгөн
Алдына келген адамдар
Арстанды көргөн немедей
Айбатынан сүрдөгөн
Жийдей өсүп бүрдөгөн
Сыртынан көргөн адамдар
Сүйлөргө сөздөн сүрдөгөн
Душманы көрсө түрүнөн
Жүрөгү чочуп зир деген
Мухаммеди мархумдун
Адамдан артык акылы
Айткан сөзүн аңдасаң
Шарыгатка макулу
Чечендигин байкасаң
Булбул куштай акыны
Такыбасын айтайын
Арамсытып жебеди
Эч бир адам акыны

4.

Айла кылды оруска
Акыл айтты кыргызга
Ислам динин бил деди
Нийзам менен жүр деди
Арамат акча бер деди
Ырызгынды ойласаң
Алдында кара жер деди
Жерге салгын эгинди
Тегиз учты кийимди
Табайын деди эбинди
Сабакка : берип баланды
Шариятты молдодон
Тааны деди киминди
Кыргызга айтты акылды
Ээ бол деп жегиңе
Башчы бол деп элиңе
Тааныш кылды орусту
Дайындуу кылды конушту
Шайлатты шонда кыргызга
Ар уруудан болушты .
Мухаммеди маркумдун
Акылы зерек азбайды
Ар бир ишке шашпайды
Анжан менен Кашкарда
Азып келген сарттарга
Аксакал кылды Ташпайды
Түркстан менен Ташкенди
Самаркан менен Коконду

5.

Анжыян менен Кашкарды
Аммасын Ташпай башкарды
Сарттар укчу кебинди
Мен айтайын киминди
Соодадан башка бир ишке
Таппадым сарттар эбинди
Жазайын сенин киминди
Жакшылап кутчу диниңди
Кайран ташпай жок болду
Караколда сарттарда
Калаба шайтан көп болду
Партия чыккан басылбай
Калабанын ишинен
Хынырe калды ачылбай
Алты шаар- Кашкар турпандык
Намыздашар кишиби
Акылдын кылар ишиби?
Партияга пул төгүп
Бет алдыга кан төгүп
Мечитте кылды урушту
Бейлине шайтан кирипти
Султан Мурат төрөбүз
Бузукту сизден көрөбүз
Датфакка кирбейсиз
Имтибанга келбейсиз
Чакырып салам жиберсе
Жакшы жооп бербейсиз

6.

Ынабатлы төрөсүз
Өзүңдөн билбей айыпты
Элден несин көрөсүң
Катты айтууга батпайбыз
Казыналуу төрөсүз
Кайран ташпай маркумдун
Калбады уул артында
Ташпайдан мыкты жок эле
Кара кол Ташкен сартында
Баян кылып айтайын
Келге орус келгенде
Анжыяндан сарт келди
Ар тараптан журт келди
Дагы айтсак көргөндү
Келге дунган келгенди
Дунгандан көрдүк өзүбүз
Өчөйүп эшек мингенди
Эшегин байкап карасак
Жарым кезче кулагы
Жылкыга окшош туягы
Өздөрүн байкап карасак
Кытайга окшош сыягы
Көк мата чепкен кийгени
Көрсөң эшек мингени
Кемзелинде жака жок
Кепичинде така жок
Кылжырайган башы бар
Кытайга окшош чачы бар

Ургачысын байкасаң
Учтагандай буту бар
Сарымсак пыяз жыты бар
Айбалыдай буттанган
Адамдан башка жыттанган
Ат богуна ыштанган
Учтагандай аягы
Ургачысын байкасак
Ушундай эле сыягы
Кийгенин көрдук ошондо
Көк матадан чепкенди
Эми дунгандан көрдүк күйгөнду
Оокат кылып алсын деп
Түтүнгө берди өгүздү
Эми дунгандан көрдүк семизди
Ошол дунган байыпты
Эми кыргыздан алды зайыпты
Кытайча бормун таштапты
Эми кыргызча борум баштапты
Конгонуң барбы үйүнө
Ошол дунган байларга
Башына жастык жастайбы
Байыркы дунган байлардын
Болбаса малы аздыгы
Бар эле саман жаздыгы
Эми байкап көрсөң дуңганды
Байлыгында сана жок
Эми дунгандан манап жок

8.

Эмдигинин айтайын
Күмүш сагат салынып
Балдары мырза дунгандын
Күмүш жүгөн катынып
Мингени жорго дунгандын
Лампук бешмант ичинен
Пабирик ноот тышынан
Кийгени тегиз дунгандын
Кадимки кыргыз байындай
Байлары тегиз дуңгандын
Кадимки Текес атындай
Мингени семиз дуңгандын
Кыштын суук күнүндө
Үйлөрү жылуу дуңгандын
Жибектен жоолук салынып
Упасын бетке жагынып
Кыздары сулуу дуңгандын
Дубалы бийик коргону
Замананын кургалы
Эми дуңган а минди жорганы
Дуңгана журту эр экен
Иштегени жер экен
Кара жерди каңтарып
Казына күткөн эл экен
Казак, кыргыз калкынан
Орус, ногай, сартынан.

9.

Бир дубандын барсынан
Артып сарат байлыгы
Артып барат байлыгы
Байлыгынын белгиси
Куздун кунт болганда
Он беш сомдан дунгандын
Малайынын айлыгы
Куну туни тындырбай
Иштетер экен малайды
Таптырар экен далайды
Ушул дунган келгенде
Бугунын жайын айтайын
Биринен артык бири бар
Бир дубанды сураган
Михаммеди Чыньбай
Бирге журген кершиси
Минден жылкы айдаган
Байлыгы артык Аалыбай
Азырак баян кылайын
Аалыбайдын алты уулу
Торежандын торт уулы
Оргунжандын эки уулы
Эсеп кылсан баарысы
Аалыбайдын алты уулы
Аксакалын сурасан
Султанкулбай эн туни
Жаныбек, Жунус кенжеси

10.

Дөөлөт күткен адамда
Бир Сулайман болбаса
Жунусбайдай буларда
Жумур башта бендеси
Жунусбайдай ким болгон
Айдап күткен жылкысы
Ар кайсы түрү миң болгон
Байлыгын айтып боло албайм
Арык, менен Белекти
Ар шайманын жаратып
Жаныбек чапты күлүктү
Жазайын кайдан бөлекти
Өмүр-баатыр Балабай
Кан Ормонду өлтүрүп
Салган экен бүлүктү
Байыркы өткөн бабалар
Кайсы бирин жазайын
Жүрөгүнүң бары май
Чарба малга санат жок
Сан жылкылы Сарыбай
Ошол өткөн заманда
Көлдө бугу бары бай
Көлгө батпай көбүнөн
Текести барып жайлаган
Көлдө бугу барысы
Дүңгүрөтүп миң жылкы
Ар бириси айдаган
Көп жылкынын барысы

93.

11.

Жылдызга барып кыштаган
Мемеди Чыныбай
Бир дубанды уштаган
Акылын артык жаратып
Алтын жака чен берип
Ак падыша куштаган
Мемеди Чыныбай
Өтүп кетти дүйнеден
Бирин-бири таштабай
Заманында экөөнүн
Адамдын уулы ашпадай
Баян кылып жазайын
Пыржывалдын каласы
Бина болгон башынан
Мемеди мархумды
Асан мархум баласы
Өтүп кетти жашынан
Кимдер өлбөс жашында
Жаңа дүйнө салганда

94

(Наймооттулардан

12.

Нарын уйезунде эдабият жолуна жардам берчү кишилер:

1-Ыбырай Тойчунов 200 табак кагаз 30 простой /куруг/ карындаш он мискал сыя жардам кылды.

2-Босгачы Жакыпбеков жолдашым Сапарбай Сооранбаевга бир чепкен жардам берди.

3-Черик элинен Мекен Дербишев бизге бир айча кызмат кылган Чаки Каптыгаевга беш мата жардам берди. Өзү обулсполком эле манаптар колундан алып берди.........

4-Чоро болушундан Саки ажы чынын өзүмө он кез бачайы берди.

5-Чоро болушунда Насырымбек Арзыматов жолдошум Сапарбай Сооранбаевга он кез бачайы кагаз сатып алыңыз деп эки мата бир жоолук жардам берди. Байлардан алып бергенге окшады.

ЧОРО ЭЛИНДЕ.

6-Басогор Кожошев бир жоолук жардам берди.

7-Шаркыратпада Осмон Чойбеков чалбарым тозгонун көрүп бир чепкенден ичи сырттуу кылып бир чепкен жардам берди.

8- Чоро болушунда Осмоналы Бектенов бир түлкү маа, бир мата Сапарбай Сооранбаевга жардам берди, Султангазы .................колундан чыгып бизге- берсе керек анын аркылы.

9-Нарын болушунда Эсенкул Байгазиев семиз жардам берүү аркылы жиберген экен. Аныкы жардам эмес пара деп жиберген кишини урушуп коркутуп бергенин аябай эле жи-

95



бердим.

Мыптахов.

1922 инчи жылы июн 27 синден ноябур биргинече. Жардамдан жалгыз бир чым кийдим. Башкасын кагаз карындашка ам ырчыларга бердим.

Тартилке алынып бутту.

К. Мыптак.

18 /11-1928.